**ТЕОЛОГИЯ**

**УДК 297**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-3/2-286-290**

**Абдукадыр кызы Б.**
Ph.D докторант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
buhamida.milawka@mail.ru

# "УБАКЫТ" КАТЕГОРИЯСЫ ЫЙЫК КУРАНДА ЖАНА МУХАММАД ПАЙГАМБАРДЫН (САВ) СҮННӨТТӨРҮНДӨ

**Аннотация:** Бул макалада, адам баласынын убакытты туура пайдалануусу, убакыт, өмүр чектелүү экендиги илимий ачылыштардын негизинде Ыйык Куранда жана пайгамбарыбыз Мухаммад (САВ) сүнөттөрүндөгү далилдер менен салыштыруу жасалган. Адамзаттын жаратылыш максаты тууралуу кыскача маалымат берилди.

**Негизги сөздөр:** илим, дин, адам баласы, Куран, хадис, изилдөө, далилдер

**Абдукадыр кызы Б.**
Ph.D докторант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
Бишкек ш.
buhamida.milawka@mail.ru

# КАТЕГОРИЯ "ВРЕМЯ" В СВЯЩЕННОМ КОРАНЕ И В СУННАХ ПРОРОКА МУХАММАДА (САВ)

**Аннотация:** В этой статье рассмотрен время, необходимость правильного использования времени и сделан сравнительный анализ об ограничении человеческого существования, что доказано в Священном писании Коран и в суннах Мухаммада (с.а.в) на основании научных исследований и открытий. А также дана краткая информация о целях человеческого бытия.

**Ключевые слова:** наука, религия, человеческий род, Коран, Хадис, исследование, доказательство

**Abdukadyr kyzy B.**
Ph.D Doctoral
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
buhamida.milawka@mail.ru

# THE CATEGORY "TIME" IN THE HOLY QURAN AND IN THE SUNNAH OF THE PROPHET MUHAMMAD (S.A.W)

**Annotation:** This article examines time, the need for proper use of time and makes a comparative analysis about the limitations of human existence, which is proven in the Holy Scriptures of the Quran and in the sunnahs of Muhammad (s.a.w.) based on scientific research and discoveries. Brief information about the purposes of human existence is also given.

**Keywords:** science, religion, human race, Quran, Hadith, research, proof.

## Киришүү

Убакыт жеке адамдарга маанилүү болгондой эле бүт элге да тиешелүү. Убакыт категориясын жакшы түшүнүп, жумушун, коомдук байланыштарын ушул түшүнүк менен жолго салган эл башка элдерге караганда жакшыраак өнүгүп, өсө алат. Башкача айтканда өнүккөн өлкөлөр ” убакыт” маселесине чоң маани беришкен.

Бул жаатта изилдөө жүргүзгөн социологдор алдыңкы өлкөлө менен артта калган өлкөлөрдүн ортосундагы эң негизги айырмачылыктардын бири “убакыт” түшүнүгү экендигине күбө болушкан [3]. Алардын пикикри боюнча өнүккөн өлкөлөрдө иштердин алдын ала, убакытка жараша жөнгө салынышы жана ар бир иш ошол убакыттын ичинде аткарылышы. Артта калган өлкөлөрдө болсо, күтүлбөгөн нерселерге моюн сунуу негизги нерсе болуп эсептелет. Бул абал бүтүндөй өнүккөн өлкөлөр менен, артта калган өлкөлөрдүн ортосунда кездешкен айныгыс чындык. Убакыт жөнүндө Ислам дини кандай багытты айтканы тууралуу алдыда сөз кылабыз.

Пайгамбарыбыз (с.а.в.): «Адамдар баркына жетпеген эки нерсе бар. Алар ден соолук жана бош убакыт» — деп айткан [5]. Турмуш жолуна кадам койгон адам, кандай кесипке ээ болсо да, анын ийгиликтүү болушунда “убакыт” түшүнүгүнүн зор мааниси бар. Жаштарды тарбиялоодо, маанилүү маалыматтарды өз убагында берүү абдан зарыл. Алардын арасында “убакыт” тууралуу да сөзсүз үйрөтүү керек. Бул маалыматтар өмүрдүн ар бир учурун жемиштүү пайдаланып калууга шарт түзүп, ийгиликтүү адам болууга эң негизги ролду ойнойт.

Убакыт – ааламдагы ар түрдүү аракетти эсеп туруучу ирмемди түшүндүрөт.

Убакыт – бул жашоо. Убакыттын баркын билип барктай алган адам тирүү адам [3, 5б.]. Убакыт –пенде үчүн эң кымбат баалуулук. Убакыттын баркын –жашоосундагы так максатын билген адамдар түшүнөт [3].

Социология илими “ убакытка, жеке жана коомдук түзүмдөрдү, элементттерди (көрүнүштөрдү) түшүнүү үчүн көңүл бурат. Социалдык ар түрдүү окуя жана фактты, убакытты жана убакыттын өзгөчөлүктөрүн эске албай туруп түшүнүүгө жана териштирүүгө мүмкүн болбойт [4].

Убакыт – эч кимге жан тартпаган, эч кимди кемсинтпеген адилеттүү жетекчи сыяктуу. Жаңы күн башталаарда адамдардын баары бирдей саат, мүнөт алышат. Мисалы, байлар акчага дагы көп убакыт сатып ала алышпайт. Ошондой эле, илимпоздор дагы көп убакыт ойлоп таба алышпайт. Же эртең колдонуу үчүн бүгүнкү убакытты сактоого болбойт. Бирок, ошого карабай убакыт адилеттүү жана кечиримдүү болот. Өткөн чакта убакытты канчалык максатсыз колдонгон болсоңуз да, эртеңки убактыңызды кемитпей башкалар менен бирдей берет.

Ислам дүйнөсүнүн алгачкы тарыхчыларынын бири Имам Табари “ Тарийхул умам валь мулуук”- аттуу эмгегинде “Аль Коулу физ-замаан валь мулуук” (Убакыттын эмне экенин баяндоо) –деген темада 80 беттей убакыт жөнүндө баяндаган [3, 14б.].

Убакытты текке кетирбей, аны туура пайдалануу мусулмандын сыпаты. Ошондуктан «Бекерчиден кудай безер», «Бекер жүргүчө, бекер иште» деп айтылат. Убакыт учкан куштай

зымырап өтүп жаткан мезгилде өмүрүбүздү жалкоолук менен өткөрүү адам баласына зыяндан башка эч нерсе алып келбейт. Адамдар менен маек куруп, тил табышуу жакшы. Бирок балдын да көбү зыян демекчи, ар бир нерсенин чеги менен болуусу абзел.

Ааламдашуунун негизинде жаңы технологиялар пайда болууда. Бирок алар бычак сыяктуу, ал ашканада колдонулса жакшы, адам өлтүрүү үчүн колдонулса жаман дегендей эле кеп. Мисалы: Телефонду колдонуу аркылуу көптөгөн маалыматтарды табууга, алыстагы туугандарыбыз менен байланышуу түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ал эми аны ашыкча колдонуу же туура эмес багытта колдонуу менен убакытты коротобуз. Жада калса, алыстагы тууган эмес, жанындагы ата-энебизге көңүл бурулбай калууда.

Курани Каримде убакыт тууралуу көп эскерилет. Убакытка жана түрдүү маалга ( Асрга ант ж.б) ант ичүү камтылган. Бул аят, хадистерди талдап келгенде, төмөнкү нерселер ачык байкалат:

Динибиздин эки булагы (Куран, Сүннөт) – жылдык, айлык, жумалык, күнүмдүк жашоо тартиби тууралуу, ийне-жибине чейин баяндайт.

Күнүмдүк аткарылуучу 5 убакыт намаз, убакытты жөнгө салууну да максат кылат. Бул жагынан алганда, диинй буйруктардын көпчүлүгүадамга убакытты туура пайдаланууну үйрөтөт [3, 15б.].

Курани Каримде убакыт түшүнүгү көп түрдүү сөздөр менен айтылат. Куранда көбүрөөк " вакт" – деген сөз айтылат. Бул сөздүн мааниси " бир иш үчүн белгиленген мөөнөттүн бүтүшү". Башкача айтканда чектелүү бир убакытты билдирген сөз тандалган [3, 15б.].

Убакыт деген сөздөн кийин " саат" –деген сөз келет. 48 жолу колдонулган бул сөз " убакыттые бир бөлүгү" –дегенди билдирет. 8 жерде " узактык" жана " чектелген убакыт" – маанисинде колдонулат [3, 16б.].

Абсолюттук же эки ача маанини туюнткан сөздөр аз. Ал эми жыл, ай, күн, түн, күндүз сыяктуу, баш-аягы белгилүү жана ададын жашоосу менен тыгыз байланышкан, түрдүү убакыт бөлүктөрүн билдирген сөздөр көп айтылган.

Жада калса, алардын кайсынысы адам үчүн маанилүүрөөк болсо, ал башкаларга салыштырмалуу көбүрөөк эскерилет [1, 17б.].

Эң көп " күн"-деген сөзгө токтолот. " Чындыгында, Аллахтын алдындагы бир күн, силердин санак боюнча миң жылга тете" [1, 22:47].

"Убакытка ант болсун! Албетте инсан жоготууда (зыянга учуроодо)".

[1, 103:1,2]

Төмөнкү аятта бир жылдын 12 ай экени жана календарда ай негизиндеги системанын маанилүү экени билдирилген аяттар да бар. Андан сырткары ибадаттар үчүн өзгөчө убакыттар бар экенин баяндаган аяттар бар. [ 1, 9:36,], [1, 2:189], [1, 89:1,5], [1, 85], [1, 97:3], [1, 2:185], [1, 3:17], [1, 51:8].

Бул тууралуу Пайгамбарыбыз (с.а.в.): «Беш нерсени, беш нерсе келээрден мурда пайдаланып кал. Карылык келбестен жаштыгыңды, ооруп калаардан мурда ден соолукту, кедей болуудан мурда байлыгыңды, бир нерсе менен алек болоордон мурда бош убактыңды, өлүм келээрден мурда өмүрүңдүн» — деп айткан[7].

Пайгамбарыбыз (с.а.в.): «Адамдар баркына жетпеген эки нерсе бар. Алар: ден-соолук жана бош убакыт» — деп айткан. Ошондуктан, "эртең-эртең"- деп жүрүп [5][6], өмүрдүн аягына келип калууңуз мүмкүн. Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырбаңыз!

Албетте убакытты токтотуп, кармап кала албайбыз. Аны пайдалуу өткөрүү менен жашоону берекелүү кылса болот. Анткени, "өз жашоосун илим жолунда, эл-журтка пайдасы

тийип, берекелүү өткөргөн акылмандын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт" – деп айтылат. Ал эми кээ бир адамдар, тирүүсүндө өлүк сыяктуу. Бул өмүрүн жалкоолук менен өткөрүп, колунан жакшылык келбеген адам.

Ал эми төмөндө, убакыт тууралуу айтылган, кее бирки белгилүү инсандардын сөзүн келтиребиз:

"Өмүрдү сүйсөңүз убактыңызды бекер өткөрбөңүз. Убакыт – өмүрдүн дал өзү". [Бенжамин Франклин].

"Бош убакыт жок, бош кеткен убакыт бар".

[Рабиндранаат Тагор].

"Бир адамдын экинчи бирөөгө бере ала турган эң баалуу белеги – ага бөлгөн убактысы".

[Дейл Карнеги].

"Бош кеткен убакытка кайгыруу, шамалды кубалоо сыяктуу".

[Орус эл макалы].

## Корутунду

Жыйынтыктап айта турган болсок, бүгүнкү күнү мусулмандардын оюнда убакыт олуттуу орун ээлебесе да, Курани Каримде, пайгамбарыбыздын хадистеринде маанилүү болгонун айкын көргөзөт.

Убакыт маселесине Ислам дини кеңири орун бергенин көрдүк. Ийгиликке жетүү үчүн чет элдин китептеринин айтуусуна муктаж эмеспиз. Ислам дини ибадат, кийим-кече, тамак-аш, басып-туруу менен гана чектелбейт. Тескерисинче, ар бир мүнөтүбүз маанилүү экенин ачык көргөзүп турат. Эң негизги маселе бардык мусулмандарга, айрыкча жаш муунга, алгач убакыттын баалуулугун билдиришибиз зарыл. Убакытты туура пайдаланууга түрткөн адаттарга көндүрүшүбүз керек.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси

1. А.Исмаилов, Д. Абдылдаев, С. Доолов, С.Гавай., Ыйык Куран маанилеринин кыргызча котормосу. – Бишкек., 2009. – 624 б.

2. Автору: Ибрахим Жанан., Исламда убакыт. которгон: Мухаммед Умар, – Бишкек., 2022. – 176 б.

3. Абу Абдулла, Мухаммад бин Исмаил бин Ибрахим бин Аль-Мугира Ибн Бардзба Аль-Бухари Аль-Жаафи., Сахих аль-Бухари. иликтөө: Аалымдар тобу, Басмакана: Аль-Султания, Гранд Эмири Пресс, Булак Египет, 1311-ж., Султан Абдул Хамид IIнин буйругу менен

Абу Аль-Хусейн Муслим бин Аль-Хажжаж бин Муслим Аль-Кушайри Аль-Найсабури., Аль-Жамиъ Ас-Сахих «Сахих Муслим», (Бир нече кол жазмалардын жана күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрдүн негизинде оңдолгон жана кайра каралып чыккан басылышы)., тахкик кылган: Мухаммад Дахли Эфенди жетектеген топ аалымдар, – Түркия. 1334 х.ж.

4. Абай Кенжекулов., Жылдызбек Таштанов., Максатбек Жумабаев., Дин социологиясы., – Бишкек., 2018. – 244 б.

5. Имам Бухари., Сахих ал- Бухари" ишенимдүү хадистер топтому, которгон: Алайчы Сейитбеков., – Бишкек., 2023. – 536 б.

6. " Риядус Салихин" Тандалган хадистер., Автору: Имам Навави., Басмакана: Дилазык басма үйү., 2018. – 592 б.

7. Абу Абдулла Мухаммад бин Абдулла Аль-Хаким Аль-Найсабури., Аль-Мустадрак эки сахихке., изилдөө жана иликтөө: Мустафа Абдель Кадер Атта, – Бейрут, Ливан., басылма: Биринчи, 1411 х.ж.- 1990 ж. https://dorar.net/hadith /sharh/119789 [электрондук ресурс].

**Рецензент: философия илимдеринин доктору, профессор Утуров К.У.**